***DOI:10.26104/NNTIK.2023.47.26.068***

*Доронбаева Н.О., Мусалиева К.К., Токсонбаев Р.Н.*

# КЫРГЫЗДЫН АКЫЛ ОЮНДАРЫН ЖАШ ӨЗГӨЧӨЛҮГҮНӨ КАРАТА ПАЙДАЛАНУУ

*Доронбаева Н.О., Мусалиева К.К., Токсонбаев Р.Н.*

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ КЫРГЫЗСКИХ ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНЫХ ИГР С УЧЕТОМ ВОЗРАСТНЫХ ОСОБЕННОСТЕЙ

*N. Doronbaeva, K. Musalieva, R. Toksonbaev*

# THE USE OF KYRGYZ INTELLECTUAL GAMES TAKING INTO ACCOUNT AGE CHARACTERISTICS

*УДК: 378.147:371:796/213(575.2)*

*Макалда Кыргыз элинде илгертеден сакталып келген улуттук акыл оюндарынын түрлөрүн, алардын мазмунун, эрежесин, пайдалуу жактарын изилдөө каралган. Бул макалада акыл оюндарынын тарыхы, эрежелери уюштуруу ыкмалары жөнүндө, алардын өспүрүм балдарды тарбиялоочу мааниси жөнүндө да көрсөтүлгөн. Ошондой эле кыргыз элинин акыл оюндарынын илимий классификациясы көрсөтүлгөн. Ошону менен бирге акыл оюндарынын балдардын дене тарбиялык жактан даярдыгын өнүктүрүүчү мааниси илимий жолу менен даана көрсөтүлбөгөндүгү, ошондой эле декларативдүү түрүндө булар акылээсинин өнүгүүсүнө таасирин тийгизээри да кенири изилденген. Ошондой эле кыргыз элинин акыл оюндарынын эң эле көп түрүн көрүп, алардан керектүүлөрүн тандап алып изилдөөнү, илимий ыкмаларын аркылуу текшерүү менен бирге макалада көрсөтүлдү.*

***Негизги сөздөр**: өспүрүм балдар, улуттук акыл оюндары, оюндардын түрлөрү, өспүрүмдөрдү өнүктүрүү, тарбиялоочу жактары, кыргыз эли, оюндардын аталыштары, оюндун шарты, оюндун мазмуну.*

*В статье рассматривается изучение видов национальных интеллектуальных игр, их содержания, правил, пользы, которые издревле сохранялись в кыргызском народе. В этой статье рассказывается об истории интеллектуальных игр, правилах и методах их организации, а также об их значении для воспитания детей младшего возраста. Также представлена научная классификация интеллектуальных игр кыргызского народа. Вместе с тем, широко изучено, что значение интеллектуальных игр для развития физической подготовленности детей научно не доказано, а также в декларативной форме они влияют на развитие интеллекта. Также кыргызский народ, увидев наибольшее количество интеллектуальных игр, выбрал из них нужные и проверил их с помощью научных методов.*

***Ключевые слова:** подростки, национальные интеллектуальные игры, виды игр, развитие подростков, воспитательные аспекты, кыргызский народ, названия игр, условия игры, содержание игры.*

*The article examines the types of national intellectual games, their content, rules, benefits, which have been preserved in the Kyrgyz people since ancient times. This article talks about the history of intellectual games, the rules and methods of their organization, as well as their importance for the education of young children. The scientific classification of intellectual games of the Kyrgyz people is also presented. At the same time, it has been widely studied that the importance of intellectual games for the development of physical fitness of children has not been scientifically proven, and also in a declarative form they affect the development of intelligence. Also, the Kyrgyz people, having seen the largest number of intellectual games, chose the necessary ones and tested them using scientific methods.*

***Key words**: teenagers, national intellectual games, types of games, adolescent development, educational aspects, Kyrgyz people, names of games, game conditions, content of the game.*

**Киришүү.** Кыргыздын акыл оюндарын жаш өзгөчөлүгүнө карата пайдалануу – бул ата бабадан калган усул. Бул негизинен педагогиканын принциптерине туура келет жана материалдарды өздөштүрүүдө чоң мааниге ээ. Акыл оюндарды окуп үйрөнүүдөн мурда балдардын жаш өзгөчөлүгүн билүү шартка ылайык.

**9-10** жаштагы балдар үчүн төмөнкү оюндары ойносо болот: «акуш (сармерден)», «акыйнек», «алтын шакек ыргып чык», «ат коймой», «балык, жаныбар, куш», «жылдырмай».

**Теманын актуалдуулугу**. Кыргыз элинин акыл оюндарынын өтө көп экендигин билүү. Кыргыздардын акыл оюндары жөнүндө көп эле маалыматтары адабияттарда жазылган. Бул маалыматтарда акыл оюндарынын тарыхы, эрежелери уюштуруу ыкмалары жөнүндө, алардын өспүрүм балдарды тарбиялоочу мааниси жөнүндө да көрсөтүлгөн. Ошондой эле кыргыз элинин акыл оюндарынын илимий классификациясы көрсөтүлгөн. Ошону менен бирге акылдуу оюндарынын балдардын акыл эсин өнүктүрүүчү мааниси илимий жолу менен даана көрсөтүлбөгөндүгү, ошондой эле декларативдүү түрүндө булар дененин өнүгүүсүнө таасирин тийгизет деп болжолдоо ирээтинде айтылып келген. Бул теманы тандап алып жана ошого тиешелүү адабияттарды тандаган учурда изилдене элек жактарын белгилеп алдык. Ошондой эле кыргыз элинин акылдуу оюндарынын эң эле көп түрүн көрүп, алардан керектүүлөрүн тандап алып изилдөөнү, илимий ыкмаларын аркылуу текшерүүнү чечтик.

**Мындай изилдөө жаңы болгондуктан актуалдуу. Изилдөөнүн максаты.** Кыргыздын акыл оюндарынын мектеп балдарынын психологиялык жактан даярдыгын өнүктүрүүдөгү мааниси педагогикалык илимий ыкмалары аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргыздын акыл оюндарынын 9-10 жаштагы өспүрүм балдардын дене тарбия жактан өнүгүүсүнө тийгизген таасирин изилдеп аныктоо;

2. Аналитикалык талдоонун жана илимий практикалык тажрыйбанын негизинде оюндардын өспүрүм балдардын, тарбиялык жактан, психологиялык жактан өнүгүүсүнө ылайыктуулугун аныктоо үчүн атайын илимий ыкмаларын колдонуу;

3. Кыргыздын акыл оюндарынын өспүрүм балдардын психологиялык жактан даярдыгын өнүктүрүүчү маанисин аныктоочу педагогикалык шарттарын аныктоо жана алардын маалыматтарын талдоо.

**Изилдөөнүн методдору**. Адабияттагы маалыматтарды пайдалануу; кыргыздын оозеки чыгармаларындагы маалыматтарды колдонуу; кыймылдуу оюндарын практика жүзүндө колдонуп келген адистер менен аңгемелешүү; кыргыздын тандалып алынган акыл оюндарынын өспүрүмдөрдү дене тарбия жактан өнүгүүсүнө тийгизген таасирин текшерүү үчүн педагогикалык илимий ыкмаларын колдонуп изилдөө.

**Макаланын маалыматтары жана акыл оюндардын мазмуну.** Оюндар адамзаттын маданий кенчи болуп саналат. Алар адам баласынын материалдык жана руханий байлыгынын бир тармагы.

Дүйнөдө белгилүү педагогдор, прогрессивдүү коомдук ишмерлер элди, өспүрүм балдарды тарбиялоодо колдонула турган каражаттары деп көрсөтүшкөн. Оюндун тарбиялоодогу мааниси өтө баалуу болот экен. Алды менен оюндун учурунда өспүрүмдөрдүн чыгармачыл жагдайлары, коллективдүү кыймыл аракеттери өөрчүйт экен. Ошол эле учурда ойногондор өздөрү моралдуу жана эстетикалык канааттануусу да орун алат дешет. Оюндун инсандарды тарбиялоодогу мааниси да зор болгону далилденди.

Оюндардын мааниси, маңызы ар кандай жаныбарлардын жана канаттуу куштардын кыймыл аракеттерине да тыгыз байланыштуу экени көрүнөт. Оюндардын көпчүлүгүндө эмгектин элементтери чагылдырылат. Акыл оюндар айлана-чөйрөгө, өспүрүмдөрдүн мээсинин өсүшүнө, кесиптик айланаларына, салт-санаага да байланыштуу экени байкалат. Оюндардын кайсы бирөөлөрү согушка да байланыштуу болот. Элдик акыл оюндардын спорт оюндарына окшош экени да дайым сезилип турат.

Оюнга өспүрүмдөрдүн катышуусу, алардан ар кандай керектүү аспаптарын даярдоо да талап кылынат. Оюндун таасири менен өспүрүм балдар айлана-чөйрө менен таанышат жана билим алат, башкалар менен мамиле түзгөндү да үйрөнөт [4].

Акыл оюндардын пайдалуу экендигин туура түшүнгөн адистер аларды мектептеги дене тарбия сабагынын вариативдүү программасына кошуп өткөрүүнү пайдаланат. Оюндар балдарды дайыма кызыктырат жана спортко, физкультурага, туризмге өспүрүм балдарды катыштырууга көмөк берет.

Тоолуу аймактарда жашаган элибиздин арасында сакталып келген этникалык оюндарын изилдөөдө биз адабияттарды талдап, жергиликтүү адистер менен аңгемелешип изилдегенибизде төмөнкүдөй маалыматтарын топтоп алууга мүмкүнчүлүк болду.

Биринчиден Кыргызстандагы айылдарда, шаарларында балдар жана өспүрүмдөр арасында кеңири таралган акыл оюндардан буларды аныктадык.

**9-10-жаш курактагы өспүрүмдөрдүн акыл оюндарына болгон кызыгуусу.** Элдик оюндар элдик тарбиянын ажырагыс бөлүгү. Кыргыз элдик оюндары, ошондой эле башка элдерден өздөштүрүлүп, өспүрүмдөр арасында кеңири тараган оюндардын топтому, кыргыздын алгачкы аракети болуп эсептелет. Оюндар өспүрүмдөрдү элди, жерди, Мекенди сүйүүгө, адептүүлүккө, эмгекчилдикке, акыл-эстүүлүккө, баатырдыкка, чечкиндүүлүккө тарбиялоодо элдик педагогиканын түбөлүк адатка айланган талабы болгон. Азыркы кезде да элдик оюндар жаштарды турмушка алгачкы даярдоо процессинин негизги фактору бойдон калууда.

Бала тарбиялоо – адамдардын ата-энелик, ошондой эле атуулдук милдети. Ошондуктан, ар бир ата-эне баласы төрөлгөн күндөн баштап ага татыктуу тарбия берүүгө аракет кыла баштайт. Ымыркайды терметкенде бешик ыры ырдалат. Эмгектей баштаганда сал билек айтылат. Каз туруп тамтаңдап баса баштаганда тушоо кесүү тою болот. Андан кийин наристеге улам эс кирип акылы калыптана баштайт. Ошондон баштап ага эс-акылын өстүрүүгө көмөк берүүчү, баамчылдыкка, кыраакылыкка тарбиялоочу, ар түрдүү кыймыл-аракет аркылуу көз карашын ден соолугун чыңдоочу, турмушту калыптандыруучу оюндар үйрөтүлө баштайт.

Оюндар көңүл ачууда, маданияттуу эс алууда, бош убакытты өткөрүүдө, денени чыңдоодо гана чоң мааниге ээ болбостон, өспүрүмдөрдүн руханий дүйнөсүн калыптандыруунун, аларга патриоттук жана интернационалдык тарбия берүүнүн, улуттук маданияттарды жакындаштыруунун жана өз ара байытуунун да маанилүү каражаты болуп эсептелет. Оюндарды адамзаттын көп кылымдык маданиятын сактап келаткан кенч катары да бааласак болот. Анткени, оюндар элдин материалдык жана руханий чыгармачылыктарынын бардык тармактарын камтыйт. Ошентип, оюн адамдын ишмердүүлүгүнүн бир түрү. Андан ар кандай ишмердүүлүккө тиешелүү болгон өзгөчөлүктөр, максатка умтулуучулук, оюндун социалдык пайдалуулугу көрүнөт.

Оюн баланын айлана-чөйрөнү тез таанып билишинин чөйрөсү болот. Оюн ошондой эле окуучулардын мектепте алган билимдерин бышыктоодо жана илимге, эмгекке кызыгуусун арттырууда да өтө маанилүү. Анткени, окуу процессинде өздөштүрүүгө кыйын болгон нерсени оюн учурунда оңой эле өздөштүрүп алууга болот. Оюнду ойноо менен өспүрүмдөр практикалык ишмердүүлүккө көнүгүшүп, ден соолуктарын чыңдашып, өз алдынча аракет жасоого үйрөнүшөт,

ошондой эле оюндан моралдык жана эстетикалык рахат алышат. Оюндар оюнчуларды кеңири ой жүгүртө билүүгө, эске тута билүүгө, чыгармачылык менен элестете билүүгө, бай-кагыч-баамчылдыкка, туруктуулукка, чечкиндүүлүккө, кыраакы – кандай шартта токтоолукка, тапкычтыкка, айлакердикке, эпчилдикке, ийкемдүүлүккө, шамдагай-шайырлыкка, эрктүүлүккө, эр жүрөктүүлүккө, тыкандыкка, тез тыянак чыгара билүүчүлүккө, айтор жана башка жакшы сапаттарга көнүктүрөт. Ошентип, оюндар тарбия берүүнүн комплекстүү каражаттарынын бири болуп эсептелет.

Ырас, көпчүлүк оюндар азырынча илимий жактан толук изилдене элек. Ошондой болсо да бул оюндар алардын кеңири таралышына жана келечекте изилдөөгө материал болуп берерине ишеним чоң. Элдик оюндардын бири-бирине окшобогон өзгөчөлүктөрү бар. Мисалы: акыл оюндары, салт оюндары, ат оюндары, спорт оюндары. Алардын арасынан акыл оюндары боюнча кененирээк токтолуп кетсек:

**Акуш (Сармерден).** Акуш кыргыз элинин салты боюнча тойлордо, салтанаттуу кечелерде, көңүлдүү олтурушта, бош убакытта көңүл ачуу үчүн ырдалуучу ыр. Аны азыр мектепте, үйдө, айылда бош убактыларда ойносо да болот. Катышуучулар кезектешип, ар ким билген ырын ырдайт. «Манас» эпосунан:

... Барабанын тарттырып,
Бала туйгун жолунан
Тегиз акуш айттырып.
... Баягы арты кучак чоң, комуз,
Дутарларын тарттырды.
Алтымыштай балбанга,
Тегиз акуш айттырды... - деген ыр саптары жолугат. Мындан акуш айттырууну кыргыз эли байыртадан эле өз маданиятына киргизип алгандыгы байкалат.

Оюнга 8 жаштан жогорку улан-кыздар катышат. Алар өздөрүнөн оюнга калыс шайлашат. Калыс оюнга катышуучуларды тегерете олтургузат. Каалаган оюнчуга ырды баштоону сунуш кылат. Андан ары ырдашуу кезек менен солдон онго карай жүргүзүлөт. Ырдын кезеги келген оюнчу ырдай албаса, бийлеп берүүгө тийиш. Эгер ырдай да, бийлей да албаса, анда уйча мөөрөп берип кутулат.

Акуш айттыруу оюнчулардын ойлоо жөндөмдүүлүгүн арттыруу. га, ырга болгон шыгын өстүрүүгө көмөктөшөт.

**Акыйнек.** Кыргыз оозеки поэзиясындагы айтыш жанрынын бир туру ка тары акыйнек кыргыз элинде кеңири колдонулган. Негизинен жаш кыздар айтышкан. Айтыш кордоо, шакаба чегуү, мыскылдоо мүнөзүндө болсо да, өзүн-өзү сындоого таасир берген. Кемчилигин билгизүү, чечендикти, сез тапкычтыкты сынашуу максатын көздөп, оюн-зоок, тамаша иретинде да айтылган. Мындай айтышуу жөнүндө «Манас» эпосунда да жолугат:

...Теректин башын бурушуп,
Аркы терки турушуп,
Селкинчегин тебишип,
Акыйнегин айтышып,
Бирин-бири женишип.....

Акыйнек оюнуна курбу-курдаш, теңтуш, тамаша-сынды көтөрө алган, жамактап ырдай билген кыздар чогулуп, ырдап-бийлешет. Бирин-бири сындап, ыр менен кайым-акыйнек айтышат. Мисалы:

*1-кыз:*
Акыйнек ырын ырдашуу,
Абалтан кыргыз салты экен.
Акыйнек ырын улантуу,
Атабыз кыргыз наркы экен!
*2-кыз:*
Ыр ырдашып, сындашуу,
Ыр жанду, кыргыз салты экен.
Сынга сындай жооп айткан,
Атабыз кыргыз наркы экен!
*1-кыз:*
Сени атаң эртелеп,
Бел куда болгон белендеп,
Жашың келди он үчке,
Сени келин кылып алууга,
Кайнатан той кыламын деп жүрөт.
*2-кыз:*
Мага болсо бел куда,
Сени болгон экен бешикте,
Он төртке жашың толо элек,
Үй күтөр кезиң боло элек,
Жакында сенин да тоюн келет деп жүрөт.
*1-кыз:*
Сени болсо топ кыздар,
Кийимин чактап кие албас,
Кийсе да тыкан жүрө албас,
Бээ сааганда этегин,
Чарпый баса отурган,
Чалма этек кыз деп жүрөт.

Бул акыйнек ыры эски турмушту чагылдырып турат. Азыр болсо басмырлабай, кордобой, мазактабай, кемчилигин көрсөтүү менен маданияттуу айтышууга жетишүү керек. Акыйнек айтышууда кайсы кыз өзүнүн атаандашын курч, өткүр, таамай, тамашалуу туура айтылган сөздөр менен айтып ырдаса ал жеңген деп эсептелет.

**Алтын шакек ыргып чык.** Шакек жашырмай. 6-12 жашка чейин өспүрүмдөр бир сызыкта көзүн жумуп тегеректеп тизилип отурушат.

**Ат коймой.** Кыргыз эл оюну. Оюн көк шиберде, залда, кенен үйдө ойнолот. Оюнга 8-17 жаштагы 20-30 оюнчу катышат. Бардык оюнчулар тегерете олтурушат. Оюнга калыс шайланат. Оюнду калыс баштайт. Калыс өзүнүн оң жагында олтурган оюнчуга «сенин атын... деп өзү билген атты шыбырайт. Мисалы, коён, кумурска, аюу, түлкү ж.б. Оюнчулар андан

ары улантып, улам кийинки оюнчу оң жагында олтурган шеригине өзү каалаган атты шыбырайт. Атты коюп чыгуу калыстын сол жагындагы оюнчуга жеткенде калыс өзү ат койгон биринчи оюнчудан: «Сен кечээ ким менен киного бардың?» же «сен кечээ ким менен ойноп жүрөт элең?» - деген сяктуу суроолорду берет. Калыс суроо берген оюнчу өзүнө коюлган да атты айтып жооп берет. Мисалы, «мен кечээ аюу менен киного бардым» же «мен кечээ кумурска менен ойнодум», - дейт. Оюнчу күлбөй жооп берүүгө тийиш жана анын жообу оюнчуларды күлдүргөндөй кызыктуу болушу керек. Эгер оюнчу жооп берип жатып күлүп жиберсе, анда ал ырдап, бийлеп же башка тапшырманы аткарат. Андан кийин жооп берген оюнчудан кийинки оюнчуларга калыс кезек менен суроо берет. Оюн ушул тартипте улантыла берет.

**Балык, жаныбар, куш.** Оюн тегиз жерде ойнолот. Оюнга 5-8 жаштагы 15-20 оюнчу жашына жараша топко бөлүнүп катышат. Оюнчулар тегиз жерге олтурушат. Калыс шайланып, ал отурган оюнчулардын алдынан «балык, жаныбар, куш...» деген сөздөрдү кайталап айтып өтөт да, күтүлбөгөн жерден бир оюнчунун алдына «куш!» - деп үнүн бийик чыгарып токтой калат. Анда ал оюнчу бир куштун атын тез аташы керек. Эгер ал оюнчу буйдалып, шашкалактап, тиешелүү атты таба албай жаңылса оюнчуларга ырдап же бийлеп берет. Оюн ушул тартипте улантыла берет.

**Жылдырмай.** Кыргыз элинин байыркы оюндарынын бири. Оюн көк шиберде, ар бала бакчада, мектепте, башкача айтканда үйдө да, сыртта да ойнолот. Ага 8 жаштан жогорку 30-40 оюнчу катышат. Уланкыздар аралаш ойношот. Калыс эшилген жоолук жана чукө же башка бир буюм даярдайт. Оюнчулар тегерек тартып бири-бирине кыналыша тизелерин бүгүшүп, тамандары менен жер басып олтурушат. Калыс өзү каалаган оюнчуга колундагы чүкөнү же буюмду берет. Ал оюнчу аны оң жагындагы оюнчунун тизесинин алдынан узатат. Ошентип, оюнчулар солдон оңду көздөй чүкөнү же буюмду бири-бирине жылдырышат. Оюнчулар жашырышкан буюмду биринен-бирине берүүдө «жылып кетти, жылып кетти!» - деп бир добуштан кыйкырып турушат. Калыс колуна эшилген жоолукту кармап «тап», - деген буйрукту күтүп, олтурган оюнчулардын аркасында турат. Оюнчулар «тап» - деп буйрук бергенде, калыс чүкөнү жашырган оюнчуну таап, аны акырын чаап белгилейт. Эгер жашырган оюнчуну туура тапса, колундагы жоолукту ага берип, аны менен орун алмашат. Чүкөнү таптырып койгон оюнчу ырдап, бийлеп ж.б. тапшырма аткарат. Эгерде таппай калса, анда ал өзү айып тартат, башкача айтканда ырдап, бийлеп же кызыктуу окуядан айтып берет.

Ошентип, оюн улантыла берет. Бул оюн республиканын кээ бир райондорунда «кетти, кетти!» - деп да аталат.

**Жыйынтыктоо.** Кыргыз элинин улуттук акыл оюндары байыркы замандарда калыптанып, кылымдар бою өнүгүп келип, заманбап мезгилине чейин сакталып өспүрүм балдар-кыздар арасында өнүгүп келгени далилденди.

Азыркы мезгилде өспүрүм балдар арасында дайыма кездешкени бир нече адабияттарда баяндалган.

Биздин изилдөөбүздүн негизинде төмөнкүдөй жыйынтыктарын жасай алабыз:

1. Биз талдаган адабияттарда 9-10 жаштагы өспүрүм балдарга ылайыктуу кыргыздын акыл оюндарынын дене тарбиялык жактан ар тараптан өнүгүүсүнө өз таасирин тийгизгендиги аныкталды. Алардын психикалык жактан өнүгүп, ден соолугу чыңалып, ишке жөндөмдүүлүгү өскөндүгү даана билинди;

2. Илимий ыкмаларын, адабиятты талдоо, дене тарбия документтерин иликтөө, кыймыл-аракет менен аткарылган оюндарын аткарууда 9-10 жаштагы өспүрүм балдар жана кыздар чыдамкай жана күжүрмөн болушуп, окууну да жакшы өздөштүргөндүгү аныкталды:

3. Кыргыз элинин акыл оюндары өспүрүмдөрдүн жашына, физикалык даярдыгына ылайыктылып, пайдаланган учурда алардын жакшы таасири окуучулардын келбетин коогдоп, кыймыл-аракетин өнүктүрүп, психикалык жактан өнүгүп, алдыга коюлган талаптарын жакшы аткарып, дене тарбия сабактарын жакшы өздөштүрө алышты [2].

**Адабияттар:**


1. Токторбаев С. Өспүрүмдөр оюндары. – Б.: КСЭнин башкы ред. – 1991. – 272-б.
2. Абдуллаев М., Кийзбаев М., Акматов Ч.А 13. Улуттук оюндар. / Усулдук окуу китеби. - Б., 2011. - 362-б.
3. Анаркулов Х.Ф. А64 Кыргыз эл оюндары. - Б: Кыргызстан, 1991. - 192-б.
4. Саралаев М., Букуев М. Роль кыргызских традиционных игр и состязаний в воспитании молодежи. - Б., 2015. – 208-б.